**Ош Мамлекеттик Университети**
**Эл аралык медицина факультетинин Окуу методикалык кеңешинин кеңейтилген жыйынынын**

№1 ПРОТОКОЛУ

26.09.22 ж. Ош шаары

Окуу методикалык кеңешинин төрайымы: Салиева Р.Ш.
Окуу методикалык кеңешинин катчысы: доц. Базиева А.М.

Катышкандар: 22 (ЭМФ деканы, декандын ОИ боюнча орун басарлары, кафедра башчылары, кафедралардын ОМИ боюнча жооптуулары)
Келбегендер: 0
Чакырылгандар: жок

КҮН ТАРТИБИНДЕ КАРАЛУУЧУ МАСЕЛЕЛЕР:

1.1 2022-2022-окуу жылына ФОМКнын курамын, иш пландарын бекитүү;
1.2 Кафедралардын окуу-методикалык секцияларынын иш пландарын бекитүү.
1.3 Окуу процессин камсыз кылуу үчүн окуу-ченемдик иш кагаздарды (ОМК, силлабустар ж.б.) бекитүү.
1.4 Факультеттин кафедраларынын усулдук материалдарынын билим берүү программаларын эл аралык аккредитациядан өткөрүүгө даярдыгын талдоо
1.5 ЭМФде окуу процессин уюштуруунун абалы жана окуу-методикалык иштердин сапаты
1.6 Билим берүү программаларын окуу адабияттары менен камсыз кылууну жана жаңылоону талдоо
1.7 Ар түрдүү

1.1 Угулду: Эл аралык медицина факультетинин деканы, м.и.д.,проф. Р.К. Калматов күн тартиби менен тааныштырды жана регламент бекитилди.

2021-2022 – окуу жылына карата окуу методикалык иштеринин жыйынтыктарына анализ, алдыдагы милдет, максаттары жөнүндө декандын орун басарлары Джумаева Л.М. жана И.Д. Исмаиловго сөз берилди.

Чыгып сүйлогөндөр: Кеңешбаев Б., Джумаева Л.М. жана И.Д. Исмаилов доклад жасашты (баяндамасы тиркелет).
Талкуу:
Калматов Р.К., Исмаилов И.Д., Курбанбаев О.И., Джумаева Л.М., Момунова А.А., Турусбекова А., Курбаналиева А., Ысмаилова Р. талкууга катышып, биринчи маселе боюнча төмөнкүдөй
ТОКТОМ кылат:
1. Эл аралык медицина факультетинин 2021-2022 -окуу жылы боюнча ФОМК төрагасы Б. Кеңешбаевдин, декандын 1-2-
3-курстардын окуу иштери боюнча орун басары И.Дж. Исмаиловдун

жана 4-5 курстардын декандын окуу иштери боюнча орун басары Л.М. Джумаеванын иштеринин жыйынтыгы канааттандыраарлык деп эсептелсин.
2. Эл аралык медицина факультетинин окуу-усулдук Кеңешинин курамына төмөнкүлөр сунушталсын

| № | Аты-жөнү | кызматы |
|---|---|---|
| 1. | Салиева Рана Шербаевна | ФОМК төрайымы |
| | ФОМК мүчөлөрү, кафедрада ОМИ боюнча жооптуулар | |
| 2. | Джумаева Лазакат Мадаминовна | Декандын ОИ боюнча орун басары |
| 3. | Исмаилов Иметкул Джаныбаевич | Декандын ОИ боюнча орун басары |
| 4. | Зикиря кызы Роза | КД 1 кафедрасынын окутуучусу |
| 5. | Эндеш кызы Гүлсара | КД 2 кафедрасынын окутуучусу |
| 6. | Абдыкайымова Гульзат Камчыбековна | КД 3 кафедрасынын окутуучусу |
| 7. | Маткасымова Гулшат Алтымышовна | ХДТ кафедрасынын окутуучусу |
| 8. | Жанадилова Гулзат Жанадиловна | ОЗиЗ кафедрасынын окутуучусу |
| 9. | Мурзалиева Айжан Маратбековна | ПБКФ кафедрасынын окутуучусу |
| 10. | Эргешова Аида Масалбековна | АГНФ кафедрасынын окутуучусу |
| 11. | Жумаева Айчурок | ТИМ кафедрасынын окутуучусу |
| 12. | Орунбаева Гулкайыр Жолоновна | СГД кафедрасынын окутуучусу |
| 13. | Базиева Алия Мансуровна | ТИМ кафедрасынын окутуучусу, катчы |

2. ФОМКнын 2022-2023-окуу жылына карата окуу планы, Кеңешмелер планы бекитилсин.

1.2 Угулду: Окуу методикалык кеңешинин төрайымы Салиева Р.Ш. кафедралардын 2022-2023-окуу жылына карата ОМИ боюнча иш планын Окуу методикалык кеңешинин мүчөлөрүнө таркатып, талкуулап, кошумча сунуштарды берүүсүн айтты жана факультетте ОМИ боюнча жооптууларга сөз берди.
Чыгып сүйлогөндөр: Жумаева А., Эргешова А. , Зикиря кызы Р.
Талкуу:
Талкууга ТИМ каф.башчысы профессор Курбаналиев А., доценттер:Турусбекова А.К., Курбанбаев О.И. катышып, бул маселе боюнча ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин 2022-2023 – окуу жылына карата кафедралардын ОМИ бюнча иш планын талкуулоонун жана жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде Окуу методикалык Кеңеши
ТОКТОМ кылат:
1. 2022-2023 –окуу жылына карата кафедралардын ОМИ боюнча иш пландары бекитилсин;

1.3 Угулду: Окуу процессин камсыз кылуу үчүн окуу-ченемдик иш кагаздарды (ОМК, силлабустар ж.б.) бекитүү.боюнча кафедра башчылары Момунова, Курбаналиев сөзгө чыгышты. ОМК жана силлабустар жоболорго ылайык түзүлүп, силлабустар англис тилде болуусу шарт экени эскертилди.
Талкуу:
Талкууга каф.башчылары, ОМИ боюнча жооптуулар катышып, бул маселе боюнча ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин 2022-2023 – окуу жылына карата

кафедралардын окуу-ченемдик иш кагаздарын талкуулоонун жана жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде Окуу методикалык Кеңеши
ТОКТОМ кылат:
1. 2022-2023 –окуу жылына карата кафедралардын окуу-ченемдик пландагы мөөнөтүнө ылайык бекитилсин;

1.4 Угулду: Факультеттин кафедраларынын усулдук материалдарынын билим берүү программаларын эл аралык аккредитациядан өткөрүүгө даярдыгын талдоо
Чыгып сүйлогөндөр: программа жетекчилери Бугубаева М., Турусбекова А. 2022-2023-окуу жылында ОшМУ институтционалдык аккредетациядан өтүшү керектигин айтышты.
Талкуу:
Талкууга факультетинин деканы м.и.д., профессор Калматов Р., декандын орун басары Джумаева Л. жана Момунова А. Катышып, 2022-2023 – окуу жылына карата кафедралардын аккредетацияга даярдык боюнча тез арада иш планы түзүлүшү керектиги айтылды жана жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде Окуу методикалык Кеңеши
ТОКТОМ кылат:
1. 2022-2023 –окуу жылына карата кафедралардын аккредетацияга даярдык боюнча иш пландары түзүлсүн;

1.5 ЭМФде окуу процессин уюштуруунун абалы жана окуу-методикалык иштердин сапаты
1.6 Билим берүү программаларын окуу адабияттары менен камсыз кылууну жана жаңылоону талдоо
Угулду: Бул боюнча профессор Калматов Р.К. факультеттин ОМК төрайымы жана курамы жаңы шайлангандыгына байланыштуу, 1.5 жана 1.6 маселелер кийинки кеңешмеге калтырылсын деп сунуш берди. Сунушту баары колдоду. Айтылган сунуштардын негизинде Окуу методикалык Кеңеши
ТОКТОМ кылат:
1.5 жана 1.6 маселелер кийинки кеңешмеге калтырылсын

Окуу методикалык Кеңешинин төрайымы: Салиева Р.Ш.
Окуу методикалык кеңешинин катчысы: Базиева А.